Камчыбек Шакиров атындагы орто мектеби



# Тема: Суунун касиеттери

Мугалим: АбдылдаеваР.С.

2019-жыл

Сабактын планы

Предмет: Мекен таануу 3-класс

Сабактын темасы: Суунун касиеттери

Сабактын тиби: Жаңы материалды түшүндүрүү

Колдонулуучу усулдар: жекече иштөө, жупта иштөө, байкоо жүргүзүү, изилдөө, баяндоо, көрсөтүү

Калыптандыруучу баалоонун техникалары: бири-бирин баалоо, өзүн –өзү баалоо, оозеки баалоо, калыптоочу сурамжылоо, “ светофор”, “билим пирамидасы”

Сабактын жабдылышы: ар бир жуп окуучу үчүн -стакандагы суу, тамчылаткыч (пипетка),кашык, чакмак кант; ар бир 4 адамдан турган топ үчүн А-3 ак барагы,маркерлердин түрү, ар бир окуучу үчүн –жекече тапшырмалар жазылган карточкалар ,дептер калемсап.

-суу менен эксперимент жасашат;

-суунун касиеттерин атап беришет

- суу менен тажрыйба жүргүзүүдө өзүнүн иш аракеттеин ырааттуу жана түшүнүктүү айтып беришет

Өнүктүрүүчү : тажрыйба жүргүзүү үчүн приборлорду туура колдонушат

-тажрыйба жүргүзүү үчүн приборлорду колдонууну билишет

-тажрыйба жүргүзүүдө иш аракеттерди ыраттуу аткарышат.

Тарбиялоочу : окуучулар суунун мааниси тууралуу билишет

-суунун мааниси тууралуу айтып бере алышат;

- жаратылыштагы экологиялык таза суунун маанисин аныктай алышат.

1.уюштуруу иштери

Мугалим жана окуучулар бири- бири менен саламдашат.

Мугалим окуучулардын сабакка даярдыгын текшерет-дептерлерин , калемсапты , карандашты , окуу китебин ж.б

Сабакка карата эмоционалдыек даярдык

Таза болсоң суудай бол,

Баарын жууп кетирген ,

Балбан болсоң жердей бол.(макал)

Баарын чыдап көтөргөн .

Ай аккан ,суу аккан суу,

Ар адамга жаккан суу(Жеңижок)

2.Өтүлгөн теманы бышыктоо

Саламдашат

Китеп, дептерлерин , окуу куралдарын даярдашат .

Окуучулар шыктанып, активдешет.

Үйгө берилген тапшырманы презентациялап тапшырмага жооп беришет.

3.Максат коюу

Мугалим : балдар бүгүн силер менен жаратылыштагы эң маанилүү кубулуш тууралуу сүйлөшөбүз.бирок аны өзүңор таап, атап айтышыңар керек. Бул үчүн силер мен айткан табышмактарды 9макалдарды) таап, алардын жандырмагын (айтылышындагы)сөздүн биринчи тамгасын кроссворддун ичине жазып туруубуз керек.Силер аларды тапсаңар аны светофордун жардамы менен көрсөтүп турасыңар.Эгер кимде –ким сөздү тапса -жашыл түстү, таба албаса –кызыл түстү, ал эми өзүнө ишене албай жатса –сары түстү көтөрөт.

(Табышмак)

Убагында жем берсең,

Убактыңды айтып турат.

Мугалим: Балдар бүгүн эмне жөнүндо сүйлөшөбүз? Биз суунун касиеттери жөнүндө кантип билсек болот? Биз бүгүн илимпоздор сыяктуу тажрыйба жүргүзүп,суунун касиеттери жөнүндө билебиз.

4. Окуучулардын билимин актуалдаштыруу

Мугалим :


1) суу деген эмне?

2) жаратылыштагы суу кайда кездешет?

5. Жаңы теманы түшүндүрүү.

Эми балдар биз суунун касиеттерин билүү үчүн тажрыйба жүргүзүп көрөбүз.

Дептерлеринерге таблица тарткыла жана ага өзүңөрдүн байкооңорду жазып тургула.




Калыптандыруучу баалоо техникасы аркылуу бааланышат.

Тапшырмаларды өз алдынча аткарышып, жашыл, кызыл, сары түстөгү карточкаларды көтөрүшөт.

Өзүнө ишене албай сары түстөгү карточканы көтөргөн окуучуларга өз ара көмөктөшүп жардам беришет

Макалдарды , табышмактарды талкуулап,таап, алардын биринчи тамгасын ребустун клеткасына жазышат.

Бүткөндөн кийин өзүн-өзү текшерет.

Суроолорго жооп беришет.Бири- бирин угуп, толукташат, бири- биринин жообун оңдоп , толукташат.

Эмне үчүн? Кандай? Кантип?деген суроолорго жооп берип турат.

Окуучулар менен бирге тажрыйба жүгүзүү

1-тажрыйба .Суу куюлган стаканга кашыкты салгыла.кашыкты көрүп жатасыңарбы? Бул суунун кайсы сапаты жөнүндө билдирип турат?

2-тажрыйба. Суунун тамчысын бир тегиздикке тамызып көргүлө .Анын формасын карагыла.Эмне болду? Суунун бул касиетин эмне деп атаса болот?

3- тажрыйба. Суунун жыты барбы, аныктап көргүлө.

4- тажрыйба.Стакандагы сууга чакмак кантсалгыла.Сууну аралаштыргыла.Эмнени байкадыңар?

Айрым окуучулардын катачылыктарын айтып , түшүндүрөт.

6. Физминутка жасоо

Жай келгенде жарышып,

Сууга түшүп ойнойбуз.

Жакшынакай гүл терип ,

Суунун жээгин бойлойбуз.

7. Бышыктоо

Ар бирин өзүн толтурган таблицаны окуп чыккыла.Бири- бириңер менен дептерлеринерди алмашкыла.Суунун касиеттери жөнүндо тыянак чыгаргыла

Эми доскада жазылган макалдын маанисин түшүндүрүп бергилечи.

"Суу – талаанын энеси, ал эми энесиз жашоо мүмкүн эмес"(кытай макалы).

Биз кудук соолуп калганда гана суунун баркын билебиз(англис макалы)

Тамчыга тамчы кошулуп , көл жаралат, ал эми тамчы тамбай калса, чөл пайда болот (өзбек макалы)

Окуучуларды 4 топко бөлүү

Окуучулар мугалимдин жетекчилиги менен өз алдынча тажрыйба жүргүзүшөт. Ар бир тажрыйбадан кийин суроолорго жооп берип, өз таблицаларын толтурушат. Бирин –бири баалашат.Кетирген катачылыктарына баа беришет.

Физминутка жасашат

Макалдардын маанисин түшүндүрөт.

Топтордо талкуулап, таблицаны толтурушат, айтып беришет.

Жекече иштөө.

Ар бир окуучуга тапшырма жазылган карточка таркатылып берилет.

Окуучунун аты- жөнү_______________________________________________

Суунун абалы_______________________________

Суунун түсу_________________________________

Суунун тунуктугу____________________________

Суунун даамы_______________________________

Суунун жыты_______________________________

8.Рефлексия

-суу деген эмне?

-жаратылышта суу кайда кездешет?

-суунун касиеттери жөнүндө силер эмне билесиңер?

9.Үй тапшырмасы

Суу жөнүндөгү тексти кайра окуп чыгуу, суу жөнүндө табышмак жазып келүү

Төмөнкү схемада болушу керек:

Карточаны окуп чыгып, толтурушат.Сабакты канчалык даражада өздөштүрүшкөнүн көрсөтүшөт.

Билим пирамидасын толтурушат,жазгандарын жарыя окуп беришет.

Тапшырманы жазып алышат,түшүнүксүз болсо мугалимге суроо беришет.